УДК: 101.1.316/356.2
DOI 10.33514/1694-7851-2022-4-445-451

**Токоева Г.С.**
филос. илим. док., проф. м.а.
Б. Осмонов атындагы Жалал-Абад мамлекеттик университети
**Токоева Г.С.**
док. филос. наук, и.о. проф.
Жалал-Абадский государственный университет имени Б. Осмонова
**Tokoeva Gu.S.**
Doctor of Philosophical Sciences, Professor
Jalal-Abad State University named after B. Osmonov
Jalal-Abad city, Kyrgyzstan

# «ЧЫГЫШ-БАТЫШ» ФИЛОСОФИЯЛЫК ПРОЕКЦИЯСЫНДАГЫ АДАМ ФЕНОМЕНИ

# ФЕНОМЕН ЧЕЛОВЕКА В ФИЛОСОФСКОЙ ПРОЕКЦИИ «ВОСТОК-ЗАПАД»

# HUMAN PHENOMENON IN THE PHILOSOPHICAL PROJECTION «EAST-WEST»

**Аннотация:** Адам болмушунун техногендүү жана социомаданий формаларын камтыган глобалдуу дүйнөнүн калыптанышы “Чыгыш” жана “Батыш” деп аталган планетардык полюстардын жакындашуусун жана өз ара карым-катнаш маселесин актуалдаштырууда. Бул эки маданияттын көп түрдүүлүгүн сактоо менен, ааламдашуу жаңы маданий активдүүлүктү жогорулатуу жана руханий баалуулуктарды жайылтуу идеясын коюуда. Аталган эки цивилизациянын карым-катнашын талдоо илимдин бир нече тармагынын окумуштууларын өзүнө тартууда. Бул бир жагынан интеграция маселесин койсо, экинчи жагынан дүйнөнүн фрагментардуулугун көрсөтүүдө. Цивилизациялар аралык мамилелерди изилдөөдө Чыгыш жана Батыш социалдык болмуштун өз алдынча, айырмаланган сферасы катары таанылып келген. Ааламдашуу шартында локалдык, регионалдык цивилизацияларды бөлбөстөн, бирдиктүү жалпы адамзат цивилизациясынын “фрагменти” катары дихотомиялык мамиле жасоо менен изилдөө милдети коюлууда.

**Негизги сөздөр:** адам, инсан, философия, дүйнөтааным, Чыгыш, Батыш, адам маселеси, феномен, жашоо, өмүр.

**Аннотация:** Формирование глобального мира, охватывающее техногенные и социокультурные формы человеческого бытия, актуализирует проблемы взаимоотношения и взаимного сближения таких планетарных полюсов, как «Восток» и «Запад». В условиях существующего культурного многообразия глобализация спровоцировала беспрецедентную культурную активность и способствовала распространению различных духовных ценностей, породив тем самым множество проблем, в том числе связанных с проблемой человека, его природы, различным ее пониманием в разных частях планеты.

В связи с этим исследование взаимоотношений этих двух цивилизаций привлекает внимание многих ученых, когда, с одной стороны, идет процесс интеграции, с другой – процесс фрагментации мира.

**Ключевые слова:** человек, личность ,философия, мировоззрение, Восток, Запад, проблема человека, феномен, существование, жизнь.

**Annotation:** The formation of a global world, covering technogenic and socio-cultural forms of human existence, actualizes the problems of the relationship and mutual convergence of such planetary poles as "East" and "West". In the context of the existing cultural diversity, globalization has provoked unprecedented cultural activity and contributed to the spread of various spiritual values, thereby giving rise to many problems, including those related to the problem of man, his nature, and its different understanding in different parts of the planet.

In this regard, the research of the relationship between these two civilizations attracts the attention of many scientists, on the one hand, there is a process of integration, on the other hand, the fragmentation of the world. In research of the relationship of civilizations, "East-West" acts as different spheres of social life.

**Keywords:** man, personality, philosophy, worldview, East, West, human problem, phenomenon, existence, life.

Коомдук аң-сезимде глобалдуу масштабдагы Чыгыш жана Батыш ой жүгүртүү жолдору айырмаланат, ар бири ич ара бөлүктөргө ажырап локалдашууга барат. Изилдөөдө киши маселеси социомаданий маани-маңызда алынып, “Чыгыш-Батыш” дихотомиясына салыштырма талдоо жасоо максаты коюлду.

Биринчиден, адам табиятын чагылдыруудагы окшоштуктарга токтололу.

Эки философияда тең адам табиятын, анын келип чыгышын, дүйнөдөгү орду жөнүндө ой жүгүртүшкөн. Киши бирдиктүү тартип, космостун бир бөлүгү катары таанылып, өзгөчө микрокосмос жана Ааламдын символу катары сүрөттөлөт. Философия илиминин көп кылымдар бою өнүгүүсүнүн тарыхынын тажрыйбасы көрсөткөндөй, негизги философиялык тема – адам маселеси жашап жана анын тегерегинде башка маселелер, философиянын суроолору топтошуп өнүгүп келүүдө. Байыркы дүйнөдө адам болмушун түшүнүүдө натуралисттик көз караш үстөмдүк кылат да, кишиде бардык кубулуштарга, табиятка, космоско таандык элементтер бар экендигин айтышат.

Байыркы грек философу Эмпедокл: «Киши адам үчүн өтө кызыктуу кубулуш болгон, болууда жана боло берет» – деп жазгандай, байыртан эле адамдар өздөрүнүн жеке табияты жөнүндө ойлонуп келишкен. «Өзүңдү өзүң таанып бил» – деген тезис Сократтын мезгилинен бери эле көптөгөн философиялык чыгармалардын девизи болгон. Адамдын орду жана ролу жөнүндөгү маселени изилдөөнүн жүрүшүн Протагордун “Адам – бул бардык нерселердин ченеми: реалдык үчүн – анын реалдуулугун, реалдуу эмес үчүн – анын реалдуу эместигин”[1, 164-б.] – деген тезиси аркылуу баалашат. Платон адамдагы түбөлүк жол менен телону айырмалап көрсөткөн. Ал эми Аристотель: “Адамды белгилүү бир мааниде алганда, ал – баары”, - деп айткан.

Байыркы Чыгыш философиясынын системасында адам дүйнө түзүлүшүнүн бир бөлүгү катары кабылданган. Кытай философиясынын калыптануу учурунда негизги маселе катары асман менен адамдын мамилеси, адамдын космостон алган орду жөнүндөгү маселелер маанилүү болгон. Байыркылардын көз карашында адам башкалар сыяктуу асман менен жердин ортосунда жашайт. Ал эми дао философиясында адамдын аракети өз алдынчалык катары таанылат жана ал жердин мыйзамдарына баш ийет. “Жогорку “ДЭге” ээ болгон адам жакшылык иштерди жасоого умтулбайт, ошондуктан, ал изги (жакшы Т.Г.); төмөнкү “ДЭни” алып жүргөн киши жакшылык иштерди жасоо аракетин калтырбайт, андыктан ал изги эмес (жакшы эмес Т.Г.); жогорку “ДЭни” алып жүргөн киши демилгесиз жана жоруксуз нерсени

жасабайт; төмөнкү “ДЭни” алып жүргөн киши ишмер, жана анын аракеттери атайын иштелгендик”[2, 21-б.].

Дао окуусунда адамды сүйүү, үнөмчүлдүк, башкалардан алдыда болбоо деген үч баалуулук бар. Мындай деп айтылат: “Мен адамды сүйөмүн, ошондуктан мен эр жүрөк боло алам. Мен үнөмчүлмүн, андыктан, берешен боло алам. Мен башкалардан алдыда боло албайм, андыктан акылман кол башчы боло алам”[2, 455–456-б.]. Даочулуктун өкүлү Ян Чжу жашоо менен өлүмдүн диалектикасын анализдеп, “экөө бири бири менен дал келбейт, жаратылыш мыйзамына ылайык узакка созулган жашоо болбойт, аны сактай да албайсың, эртедир-кечтир ажал келет”[2, 455–456-бб.] – деген пикирди айтат. “Бардык буюмдарды ар түрдүү кылган нерсе – жашоо; аларды окшош кылган – өлүм. Жашоодо ар түрдүүлүк бар – бул акылдуулар менен акылсыздардын, төбөлдөр менен төмөнкүлөрдүн ортосундагы айырмачылык. Өлүмдө окшоштук бар – ал окшоштук ...Жашы онго чыккан да, жүзгө чыккан да өлөт; ак көңүл да, акылман да өлөт, каардуу да, мээримдүү да өлөт”[2, 456-б]. Демек, адам – асман менен жерге окшош, бирок башка бардык жандыктардын арасынан ал эң эле акылдуусу. Философ адам акылын жогору баалап, адамдар эч качан тынч абалда жашай албастыгын белгилейт. Тынчтыксыз жашоонун себеби – узак жашоону каалагандык, атак даңкка жетүүгө болгон эңсөө, байлыкка болгон кумар, төбөлдүк кызматка болгон аракет. Дао окуусунун негиздөөчүсү Лаозы адам жердин мыйзамдарына ылайык жашай турганын белгилейт.

Конфуцзынын дүйнө таанымында адамдын инсан катары калыптанышынын негизги этаптары көрсөтүлгөн. Анын пикиринде, адам – активдүү жан катары көптөгөн жылдар ичинде калыптанат, бул процесс адам өмүрүнүн узак убактысын кучагына алат. Өзү жөнүндө мындай дейт: “Он беш жашымда окууга умтулгандыкты сездим, отуз жашымда бекемделдим; кыркка чыкканда күмөн саноодон арылдым, элүү жашымда Асмандын эркин тааныдым; алтымыш жашта менин угуу жөндөмдүүлүгүм чын жүрөктөн чыккандыкка ээ болду; жетимиш жашта мен ченемди бузбастан, жүрөгүмдүн каалоосу менен болдум”[3, 59-б].

Демек, Байыркы Кытай философиясында адам асман менен жердин ортосунда жаралган жандардын эң баалуусу. Киши табияты жеке индивид менен коомдун мүчөлөрүнүн карым-катнашын жөнгө салуучу этикалык принциптер аркылуу талдоого алынат.

Байыркы Индия философиясы боюнча адамда өзгөчө жөндөмдүүлүк бар, ал – ойлом. Адам ойлонуучу, ой жүгүртүүчү – “манушья”, ал эми адамдын өзүнүн “Мени” – “Атман”. Адамдагы Атман же адамдык “Мен” анын инсандыгын мүнөздөйт, ошондуктан, ал акыл-эстүү жандык (“праджняна”). Акылдын жардамы менен адам дүйнөнү тааныйт, келечек жөнүндө ой жүгүртөт, реалдуулукту реалдуу эместен айырмалайт. Дагы бир жөндөмдүүлүк – дхарма – моралдык мыйзамдардын жолунда болуу.

Ошентип, байыркы Чыгышта да, Батышта да адам табиятына карата карама-каршы пикирлер жаралып, аны космостун бир бөлүгү, микродүйнө катары түшүндүрүшкөн. Адамга болгон натуралисттик көз караш гана жаралбастан, социоборбордук, моралдык-нравалык идеялар да пайда болот.

Орто кылымда Чыгыш жана Батыш диний философиясында теоборбордук идея калыптанат. Бул философиянын жаралышынын булагы болуп диний көз караш эсептелет. Христианчылыктын таасири астында адамга карата диний окуу пайда болот. Батышта Ф. Аквинскийдин “Адам – кудайдын образы жана кейпи” деген ою өзөктүү идея болуп калат. Инсан (личность) түшүнүгү А.Блаженный тарабынан киргизилип, Кудайдын өзүн “персона”,

"личность" деп, адам Кудайдын образы жана кейпинде болгондуктан, ал да "личность" деп аталат.

Орто кылымдагы мусулмандык философияда адам болмушу изилдөөнүн сыртында калган эмес, бардык дүйнөтаанымда талдоого алынып келген. Адамга карата үч көз караш айырмаланган. Теологиялык багытты каламдын жактоочулары мутакаламдар негиздеп, фатализм идеясын жакташкан. Аль-Ашаринин жана анын жактоочуларынын пикиринде Аллах дүйнөнү эле жаратпастан, анын кубулуштарына ар дайым таасир этип турат. Ошондуктан кубулуштар Кудайдын эркине негизделген, ага адам жашоосу да көз каранды. Мистикалык багытты суфизм сунуштап, адам универсумдун калыптанган эң башкы болмушу дейт. Философиялык көз карашка ылайык адам маселеси онтологиялык, гносеологиялык жана нравалык багытта талданат. Адамдын келип чыгышы, калыптанышы, дүйнөтүзүлүшүндөгү орду жана ролу, таанып билүүчү ишмердиги, жакшылык менен жамандыкты айырмалай алчу мүмкүнчүлүгү изилденет. Ал Фараби боюнча адамдын башкы айырмачылыгы – акылы. Ал төмөндөгүчө жазат: "Бардык башка жандыктардан адам өзгөчө касиети менен айырмаланат, анткени анда руху бар, андан тулку-бою аркылуу аракеттенүүчү күч-кубат пайда болот, жана, андан сырткары, анда ушундай бир күч бар, тулку-боюнун таасирисиз эле аракеттенет; мындай күч болуп акыл эсептелет"[4, 728-б.].

Эң башкысы араб философиясында "инсан" түшүнүгү калыптанат. Арабдардын "аль инсан" сөзү "инсан" дегенди туюндурат да, "инэс" (орусча "видение", "ясность") сөзүнөн келип чыккан. Адамдар кишилерди "инс" деп аташып, аларды жиндерден айырмаланып көзгө көрүнүп тургандар деп билишкен. Ал эми жиндер "джанна" сөзүнөн алынып, "жашырынуу", "бекинүү" дегенди туюндурган. "Инэс" сөзү "көрүнүү", "ачыктык" дегенди билдирип, адам өзүнүн жашоосунда, адеп-ахлагында, ишенимдеринде ачык, жайдары болууга аракет жасоосун көрсөтөт.

Ислам дининин ыйык китеби "Курандын" 76-сүрөсү "Аль-Инсан" ("Адам") деп аталып, адамдын жаралышы тууралуу минтип жазылат: "Биз адамды тамчыдан, аралашмадан жараттык, аны сынадык, аны угуучу, көрүүчү кылдык"[5, 482-б.].

Батышта адам жөнүндөгү окуунун өнүккөн мезгили катары Кайра жаралуу доору эсептелет. Адам негизги баалуулук, дүйнө борборунун өзөгү катары сүрөттөлөт. Дүйнөтаанымда антропоборбордук көз караш жаралып, адам эркиндиги жана ага гумандуу мамиле жасоо, аны сүйүү философиянын кредосу болуп калат. Адамдын инсандыгы, эркиндиги, керектөөлөрүн канаттандыруусу, кумардануучу болгон эркиндиги, бакытка умтулуусу, сулуулугунун кудайдай эле экендиги башкы маселе катары таанылат. Айрыкча, XVII кылымдагы философтор адам табиятынын сырдуулугуна, жашоосунун багытталышына, коомдогу жана дүйнөдөгү орду жөнүндөгү маселеге кайрылышат. Ф.Бэкондун пикиринде философиянын предмети – Кудай, табият жана адам. Табиятты үйрөнүү менен аны адамдын бийлигине баш ийдирүү философянын негизи катары таанышйт. Анткени тааным аркылуу чындыкка жетүүгө болот, ал эми чындык адам үчүн зарыл.

Агартуу философиясы адамдын субъектисине көңүл буруп, акыл-эс, туюм-сезимдер жана эркке маани берген. Субъектин индивидуалдуулугун тарбиялоо, билим берүү менен айкалышта карап, билимдин ролун жогору баалаган. Ф.М. Вольтер минтип жазат: "Человек, как нам представляется, занимает свое место в природе, более высокое, чем животные, которых он напоминает своей конституцией, и более низкое, чем другие существа, которым он уподобляется, возможно, своей способности мыслить. Так же как и все, что нас окружает, он причастен добру и злу, удовольствию и страданию. Он наделен страстями, чтобы действовать, и разумом, чтобы управлять своими поступками"[6, 193-б]. Ал эми Ламетри

адамды машина менен салыштырып: “Человеческое тело – это заводящая сама себя машина, живое олицетворение беспрерывного движения. Пища восстанавливает в нем то, что пожирается лихорадкой. Без пищи душа изнемогает, впадает в неистовство и наконец, изнурения, умирает. Она напоминает тогда свечу, которая на минуту вспыхивает, прежде чем окончаетльно потохнуть... Точно таким же образом гоячая вода волнует кровь, а холодная успокаивает”[7, 183-б.], – деп жазат.

Ал эми айырмачылыктары катары төмөндөгүлөрдү белгилөөгө болот: Антикалык грек философиясы адамдын ички дүйнөсүнө, анын жашоо жолундагы негизги максатына багытталат. Адамдын жанын, акылын, өзүн өзү таанып-билүүсүн изилдөө негизги милдет катары эсептелет (Сократ). Ал эми Протагордун жогоруда айткан жобосу байыркы грек философиясынын космологиялык-натуралисттик маанайына каршы туруп, тааным теориясынын контекстинде интерпретацияланат, б.а., адамдын дүйнөгө карата активдүү гносеологиялык карым-катнашын таанууга түрткү берет. Аристотель “адам – табияты боюнча саясий жандык”, – деп айтат. Бул Чыгыш философиясынан айырмаланып, кишини саясий, мамлекеттик жандык катары көрсөтүлүшү, адамдагы саясий жагы түпбашат катары каралышы болуп саналат. Ал эми Чыгыш философиясында мындай саясатташтырылган пикир кездешпейт. Платондун окуусунда адам табияты обьективдүү идея дүйнөсү менен аныкталат. Жан менен телонун дуализми, экөөнүн ортосундагы күрөш, кишинин маңызын жана жашап турушунун реалдуулугун түзөт. Адам жөнүндөгү идея жандын өлбөстүгү тууралуу көз караштан улам келип чыгат жана кишинин жанында болгон акыл-эстүү нравалык түп башаттын үстөмдүгүнө байланыштуу ал бар болуп турат.

Кытай философиясы жазуу түрүндө, классикалык чыгармаларда кездешет. “Төрт китеп, беш жыйнак” – негизги булак боло алат. Байыркы кытай философиясында адамга багыт алуу жана социалдык-этикалык маселелерге басым жасоо даана байкалат. Адам менен дүйнө бирдиктүү бүтүндүк катары каралып, жандуу организмдин системасы сыяктуу, бири бири менен байланышта жана бири экинчисин шарттап турган абалда түшүндүрүлөт. Социалдык-этикалык планда кун-фу-цычылык адамды коом-мамлекетке жана аристократиянын үстөмдүгүнө баш ийдирүү маселесин көтөргөн окуу катары белгилүү болот да, адам индивид сыяктуу каралбастан, социалдык жалпылыктын бөлүгү деп кабылданып, ритуалдар аркылуу таанылат. Байыркы Индия философиясында моралдык-нравалык көз караш үстөмдүк кылат жана моралдык принциптердин, нравалык мыйзамдардын жолун жолдоо адам болмушунун жашап туруусунун негизи болгон.

Чыгышта, айрыкча, араб-ислам философиясы, айрыкча Аль Кинди, адамга карата өзүнүн пикирин билдирүүдөгө табигый илимий билимдер менен байланыштырат. Эгерде орто кылымдагы батыш европалык философия теология менен биримдикте каралса, Ибн Сина жан жөнүндөгү окуусунда акыл-эстүү жан бар, ал түбөлүк субстанция, телого көз каранды эмес, дене өлгөндөн кийин жан өз алдынча жашай берет деген пикирде болот да, жандын башкага өтүшү тууралуу көз карашка каршы турган. Адам табияты тууралуу ал мындай дейт: “Адам ушундай жашаган соң, анда максат (ой-максат) бар, бирок коомсуз жашай албайт, ал башка жандыктарга окшош боло албайт. Каражаттарды үнөмдөө максатында өзүн жана өзүнө окшогондорду, табияты боюнча, чектейт”[8, 472-б.]. Ойчулдун пикиринде адам жалгыз жашай албайт, анткени ал өзү эч нерсеге жетишпейт, коомдо гана каалаганына ээ болот, ошондуктан ал башкаларды таануу жөндөмдүүлүгүнө ээ болушу керек жана жолдошу болушу зарыл [8, 473-б.].

Чыгыш Перипатетикасында эрктин боштондугу, эркиндиги жөнүндөгү маселе талкууга алынат. Ибн Рушд адамдын эркинин абсолюттук эркиндиги жана адам жүрүм-турумунун

алдын ала аныкталгандыгы жөнүндөгү көз караштты четке кагып, адамдын жүрүм-турумунун фаталисттик алдын ала аныкталгандыгы жөнүндөгү ашариттик окууга каршы болгон. Адам изгиликке ээ болуш үчүн башка адамдарга муктаж, андыктан ал табияты боюнча “граждандык жандык” [9, 127-б.].

Чыгыш Перипатетикасы киши маселесин батыштагыдай теоцентристтик көз караштa эмес, анын коомдук, нравалык жашоосу менен байланыштырып карайт. Адамдын жаны Батыш философиясында өлбөс деп таанылса, Чыгышта жандын башкага өтүшүнө каршы болушкан.

Чыгышта орто кылымдарда даочулук жана буддизм дининин адам таануу идеясы өнүгөт, айрыкча буддизм ку-фу-зычылык идеясы менен карама-каршы абалда турат. Бул доордо адамга карата талкууланган маселелер болуп адам менен табияттын мамилеси, адамдагы жакшы-жаман дихотомиялар эсептелет.

Жаңы доордо Батышта адамдын жалпы табияты, социалдык маңызы, универсалдуулугу, негизги маселе катары чыгат. XVII кылымда Рене Декарт адам маңызын ой жүгүртүү маселеси менен тыгыз байланышта карап (“Мыслью – следовательно, существую”), рационалисттик көз караштты жаратат. Ошондой эле, адам табигый, механикалык аспектиде талданып, утопиялык-футурологиялык көз караш жаралат. Ал “коомдук келишим” деп аталып жеке жана коомдук кызыкчылыктарда толук гармония болорун болжошкон. Агартуу доору адамды билим берүү жана тарбия менен тыгыз байланышта талдап, теңдик, эркиндик адам болмушунун ажырагыс көрүнүшү катары каралат.

XIX кылымда адамдын социалдык маңызы ачылат, ал уникалдуу жандык катары өзү жөнүндө да философиялашкан ойлорду жарата алат деген пикир пайда болот. Агартуучулар “акыл-эстүү жандык” деген идеалды жаратышат. Г. Гегель акылга зор күчтү таандык кылат жана кудай менен адамдын акылын окшоштуруп карайт. Л.Фейербах болсо, адамды жалгыз гана универсалдуу, бир эле убакта “Мен” жана “Сен” болгон баалуулук катары тааныйт. Ушул чакта адамды дагы бир “ишмер адам” (homo faber) деген ат менен белгилешет. Ал эми XX кылымдагы ойчулдар инсан түшүнүгүнө жогорку баалуулук катары статус беришет, анткени ал өзүнүн жана башкалардын алдында жооптуу.

Чыгыш жана Батыш философиясында адамдын социалдык маңызын мүнөздөөдөгү иденттүүлүк жана айырмачылыктар бар. Адамды социалдык жандык катары талкуулаган Чыгышта да, Батышта да аны ишкер, аң-сезимдүү, индивидуалдуу коомдун бир мүчөсү экендигин билдиргендигинде. Анын инсандыгы коомдогу баалуулуктар менен ченелет. Бирок, ага карабастан, Чыгыш жана Батыштын ой жүгүртүү стилинде кээ бир айырмачылыктар кездешет. Алсак, Чыгышта адам маңызы социумга таандык болуучулук, адамдык адамгерчилик, жалпы принциптерге баш ийүүчүлүк катары кабылданса, Батыштын классикалык илими (айрыкча XVII к.) ага механикалык көз караштa карап, адамды механиканын мыйзамдарына баш ийген система, “машина” катары талдайт.

XX кылымдагы мусулман реформатору Мухаммед Икбал кудай жараткан реалдуулуктун ичинен адамды ишмердүүлүккө карата аң сезимдүү аракеттенүүчү жандык катары белгилейт. Ал жер бетиндеги жашоону өзгөртүүчү гана эмес, моралдык жана диний милдетти да алып жүрүүчү.

Ошентип, цивилизациялардын диалогунун негизги бириктирүүчү чынжыры катары адам кала бермекчи. Талдоолор көрсөткөндөй, адам феномени Чыгышта да, Батышта да философиялык ой жүгүртүүдөгү парадигма. Анткени ааламдагы негизги баалуулук катары адам, анын жашоосу эсептелет. Ушуга байланыштуу Ч. Айтматов: “Биз адам өмүрү эң

кымбат байлык деп эсептейбиз. Ал түзгөн цивилизация да өзүнчө чоң байлык. Бүткүл Ааламда башка цивилизация жок. Биздин цивилизация – маданият, илим, техника, ж.б., баары – абсолюттук байлык. Адамзат бизге чейин миңдеген жылдар бою жаратып жана өнүктүрүп келген нерселердин баарын сактоого тийишпиз"[10, 99], - дейт. Илимдин, техниканын өнүккөн доорунда адам жана ал жараткан баалуулуктар аркылуу анын табияты жана жашоосунун маңызы аныкталат. Ошондуктан, адам – дүйнөдөгү баалуулуктарды жаратуучу жана аны өнүктүрүүчү гана болбостон, аны кыйратып жок кылуучу да боло алат, анткени ал өзүнө жакпаган, тоскоол болгон маданият дүйнөсүн четке кагып, аны сүрүп чыгаруу мүмкүндүгүнө ээ.

Батышта да, Чыгышта да кайсы гана доор болбосун адам өзгөчө жандык катары бааланып, "Мени" аркылуу таанылып келгендиги – анын башкы өзгөчөлүгү. Жалпы өнүгүү контекстинде алып карай турган болсок:

– Батыш маданиятында индивидуалдуулук, чыгышта коллективдүүлүк, жалпылыктын ичинде болуу жана колдоо идеясы үстөмдүк кылат. Батышта орто кылымдарда христианчылыкка негизделип, адамды Кудайга теңеген, ага окшоштурган көз караша жаралса, Чыгышта ислам менен буддизм негиз катары болуп, диний-эстетикалык көз караш басымдуулук кылат.

– Инсанды өзгөчө баалуулук катары караган Кайра жаралуу гуманизми адам өзүн өзү жаратат деген идеяны сунуштайт. Бул учурда Чыгыш ойлом стили эки жактуу болгон: табиятка жана коомго багытталат. Адам менен коомдун карым-катнашы салттуу, салттуудан кийинки жана либералдуу коомдордун принципиалдуу айырмачылыктарын көрсөтүү аркылуу таанылат

– Чыгышта адилеттүүлүк милдет түшүнүгү менен тыгыз байланышта, ал эми Батышта инсандын чыгармачылыгы жогору бааланат.

**Колдонулган адабияттар:**

1. Чанышев, А.Н. Курс лекций по древней философии. – М., 1981. – 512 с.
2. Дао: гармония мира. /Антология мысли. [Текст] / А.Н. Чанышев. – М.: ЗАО Изд-во ЭКСМО-Пресс; Харьков: Изд-во Фолио, 2000
3. Конфуций Я верю в древность. [Текст] / Конфуций – М.: Терра-книжный клуб. Изд-во «Республика», 1998
4. Антология мировой философии: Древний Восток. [Текст] – Мн.: Харвест; М.: ООО «Издательство АСТ», 2001. – 992 с.
5. Коран. Пер с араб.акад. И.Ю. Крачковского [Текст] – М.: СП ИКПА, 1990. – 512 с.
6. Вольтер, Ф.М. Философские сочинения. [Текст] / Ф.М. Вольтер – М.: «Наука», 1988. – 752 с.
7. Ламетри, Ж.О. Сочинения. [Текст] / Ж.О. Ламетри – М.: «Мысль», 1976. – 423 с.
8. Ибн Сина (Авиценна) Избранные философские произведения [Текст] / Ибн Сина. – М.: Наука, 1980. – 524 с.
9. Сагадеев, А.В. Ибн Рушд (Аверроэс). [Текст] / А.В. Сагадеев – М.: Мысль, 1973. – 206 с.
10. Айтматов, Ч. Чыгармаларынын сегиз томдук жыйнагы. – Т. 8. Макалалар, маектер. – [Текст] / Ч.Айтматов. - Б.: Учкун, 2009. – 600 б

**Рецензент: пед. илим. док., проф. Сакиева С.С.**